КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Диссертациялык кеңеш Д 13.20.618

Кол жазма укугунда
УДК 378.19:301.085-053.7:796.5:43

ӨЗТҮРК МАДИНА ШАМИЛЬЕВНА

ТУРИЗМ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮНҮН СТУДЕНТТЕРИНИН КОММУНИКАТИВДИК ЖАНА СОЦИАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН АНГЛИС ТИЛИ БОЮНЧА САБАКТАРДА ТҮЗҮҮ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогикалык илимдеринин кандидатынын окумуштуу даражасын алуу үчүн диссертациянын автореферати

Бишкек – 2020

Иш К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчи: **Панкова Татьяна Витальевна** –
педагогика илимдеринин доктору,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессорру

Расмий оппоненттер: **Асипова Нурбубу Асаналиевна** –
педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын
башчысы

Абдыбекова Нурмира Абдыбековна –
педагогика илимдеринин кандидаты,
Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасынын доценттин милдетин аткаруучу, магистратура жана аспирантура бөлүмүнүн улук адиси

Жетектөөчү мекеме: Талас университетинин педагогика кафедрасы
(722720 Талас ш., Карл Маркс көч., 25).

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын 29 январда саат 15.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.618 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен Бишкек шаары, Раззаков көч., дареги боюнча жайгашкан И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын китепканасынан жана дискеңештин сайтынан 51 (www.Arabaev.kg) таанышууга болот

Автореферат 2020-жылдын 28-декабрда таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор **Дюшеева Н.К.**

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Туризм Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу секторлорунун бири. Анын бул багыттагы эбегейсиз зор потенциалы дүйнөнүн булуң-бурчундагы туристтерди өлкөгө тартууда. Мамлекетте акыркы жылдары туризм жана тейлөө чөйрөсүндө иш жүргүзгөн субъекттердин санынын активдүү өсүшү байкалган. Ошондуктан бул чөйрөнүн адистери учурда суроо-талапка ээ.

Бирок заманбап эмгек рыногу бул чөйрөдөгү адистерди даярдоодо катуу талаптарды коюуда. Жумуш берүүчү чет тилдерди жакшы билген, демилгелүү, жоопкерчиликти ала билген, мобилдүү жана тез өзгөргөн базар шарттарына ийкемдүү адистерди тандайт. Ошентип, бүгүнкү күндө жогорку билим берүүнүн максаты белгилүү бир көлөмдөгү билимге, көндүмдөргө ээ студенттерди гана даярдоо эмес, алардын эмгек рыногунда атаандаштыкты жарата билиши үчүн компетенцияларды түзүү болуп саналат. Бул компетенция туризм жана тейлөө багытында адистерди даярдоо учурда заманбап окуу жайлардын ишмердүүлүгүндө маанилүү багыттардын бири болууга тийиш.

Туризм багытында иш алып баруу жана тейлөө иши бул биринчи кезекте кардарлар менен иштешүү болуп саналат. Буга байланыштуу чет тилин, айрыкча, англис тилин билүү − бул чөйрөдөгү кызматкерлер үчүн милдеттүү талаптардын бири. Чет тилин билүү келечекте кесиптик иш билгиликтин жогорку даражасын камсыз кылууда гана эмес, туристтик бизнес жаатындагы адиске керектүү болгон компетенцияларды түзүүдө да жол көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Бул сектордун жумушчулары көп учурда адамдар ортосундагы пикир алышуу, ошондой эле, коомдук жана маданий кызмат көрсөтүүнүн деңгээлин өстүрүү талап кылган шартта коомго ылайыкташууга байланыштуу кээ бир кыйынчылыктарга туш болуп жатканын көп жылдык тажрыйбалардан көрүүгө болот. Маселен, туристтик кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө зарыл болгон англис тилинин жетишсиздиги көйгөй жаратууда. Коомдук компетенциялардын түзүлүшү жаңы шарттарга тез көнүү, кесиптик баарлашууда сезимдерди башкара билүү, жоопкерчиликти өз мойнуна ала билүү жана башка мүмкүнчүлүктөрдү түзүп турган учурда коммуникативдик компетенциялардын түзүлүшү байланыш чөйрөсүндө, ошол эле учурда дүйнөнүн булуң-бурчундагы кардарлар, кесиптештер жана өнөктөштөр менен англис тилинде эффективдүү иш алып барууну чагылдырат.

Кыргыз Республикасындагы туризм жана тейлөө чөйрөсүндөгү студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүү анализи туризм багыты боюнча жогорку квалификацияга ээ адистерге муктаж болуп турган учурда азыркы окуу системасы толугу менен бул муктаждыкты канааттандыра албай турганын көрсөттү. Туризм боюнча жогорку квалификациялуу кадрлардын эбегейсиз жетишсиздиги болуп турган учурда жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү жогоруда аталган компетенциялардын түзүлүшүнүн жетишсиздигинен жана көндүмдөрдүн жоктугунан улам көп учурда талап кылынбаган бойдон калууда.

Көйгөйдүн актуалдуулугу бул чөйрөдө жогорку билим берүүнү ишке ашыруу үчүн тиешелүү суроолор боюнча иштелип чыккан теориялардын жетишсиздигинен улам методологиялык деңгээлде каралат. Бул багытта Кыргызстандык окумуштуулардын, айталы, Г.С. Акиев, Н.А. Асипова, Л.С. Болжурова, Д.Б. Бабаев, Дж.У. Байсалов, К.Д. Добаев, А.М. Мамытов, А.К. Наркозиев, Т.В. Панкова, Р.Н. Токсомбаев, А.С. Раимкулова жана башкалар компетенттүүлүк ыкмасынын негизинде жогорку билим берүү системасындагы көйгөйлөрдү чечүүгө кошкон салымы зор болсо да, (англис тилин үйрөнүүдө адис муктаж болгон компетенциялардын суроолору аты аталган жана башка окумуштуулардын илимий кызыкчылыктарына кирген эмес. Туристтик чөйрөдө адисттерди даярдоодогу өзгөчөлүктөр аныкталган эмес.

Коммуникативдик компетенцияларды түзүү көйгөйүнө (В.И. Байденко, И.Л. Бим, М.Н. Вятютнев, Н.И. Гез, П. Дуайе, И.А. Зимняя, Л.Е. Мальцева, Д. Равен, В.В. Сафонова, М. Свейн, Ю.В. Слезко, Р. Уайт, Е.М. Шульгина жана башка) чет өлкөлүк изилдөөчүлөр кайрылышкан. Социалдык компетенцияларды түзүү Э.Г. Азимов, Н.Д. Гальскова, Н.И. Гез, Ф. Грешам, И.Г. Захарова, И.А. Зимняя, В.Н. Куницына, С. Райтз, Б. Таборски, С.А. Хазова, Ж. Уиллиамсон жана башкалардын иштеринде каралат. Алардын эмгектеринде жогоруда айтылган компетенциялардын маанилүүлүгү баса белгиленет. Ошондой эле бул эмгектерде компетенциялардын мүнөзү жана структурасынын чет тилде сүйлөшүүсү менен байланышы изилденет. Туристтик чөйрөдөгү студенттерге тил үйрөтүү көйгөйү Е.А. Алилуйко, Е.Н. Гурьянова, О.Ю. Маркова, А.П. Шеншина жана башкалардын иштеринде каралган. Ал эми туризм жана кызмат көрсөтүү боюнча адистерди даярдоодо социалдык компетенцияларды түзүү боюнча маселелер Ю.В. Слезко, А.В. Соколова, А.С. Тарасенко жана башкалардын эмгектеринде жазылган.

Туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү студенттердин англис тили сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүү муктаждыгы төмөндөгүдөй карама-каршылыктарды жаратты:

– туристтик ишкердүүлүк боюнча адистеринин англис тили сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүүнү ишке ашыруу боюнча идеяларга болгон муктаждык менен механизмдер жана аларды ишке ашыруу үчүн натыйжалуу ыкмалардын жетишсиздигиндеги карама-каршылыктар;

– туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү адиске коомдун жогорку деңгээлдеги талаптары жана “англис тили” дисциплинасынын потенциалынын толук пайдаланылбай жатканы кирет.

Жогоруда айтылган карама-каршылыктар изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап, андагы изилдөөнүн көйгөйүн иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ушундан улам “англис тилин окутуу процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды кантип түзсө болот?” деген суроо пайда болот. Бул изилдөө “Туризм жана тейлөө чөйрөсүнүн студенттеринин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын англис тили боюнча сабактарда түзүү” деген теманы да аныктады.

Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттары, илимий ири долбоорлору (проекттери), билим берүү жана илимий-изилдөө мекемелери тарабынан жүргүзүлүп келген негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык иштин темасы К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин (2014-2017-жж.) педагогика кафедрасынын илимий-изилдөөлөрүнүн тематикалык пландары, ошондой эле, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Кесиптик жогорку окуу жайындагы "Туризм" бөлүмүндө (2015-2018-жж.) өткөрүлүп келген илимий-изилдөөлөргө байланыштуу.

Изилдөөнүн максаты: туризм жана тейлөө чөйрөсүндөгү адистерге англис тилин окутуу процессинде теориялык-методологиялык жактан негиздөө жана коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүүнү практикалык түрдө ишке ашыруу болуп саналат.

Изилдөөнүн милдеттери.

1. Туризм жана тейлөө чөйрөсүндөгү студенттердин англис тилин үйрөнүү процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүүнүн теориялык негиздерин аныктоо:

2. Туристтик бизнести чагылдырган студенттердин англис тилин үйрөнүү процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүүгө себепкер болгон педагогикалык шарттарды аныктоо;

3. Туризм чөйрөсүндөгү студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүүдө диагностикалык изилдөө ыкмасын аныктоо;

4. Туристтик чөйрөдө келечектеги адистерди англис тилин окутуу процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды калыптандырууда педагогикалык шарттарды ишке ашырууну тажрыйба жүзүндө иштеп чыгуу;

Изилдөө ишинин натыйжаларынын илимий жаңылыгы:

1. Студенттердин англис тилин окуп-үйрөнүү процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүү компетенттик мамиленин негизинде теориялык негиздери аныкталат;

2. Туризм чөйрөсүндөгү адистердин англис тилин окуп-үйрөнүү процессиндеги коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүүдө, педагогикалык шарттар негизделди жана аныкталды;

3. Туризм тармагындагы студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүндө диагностикалык изилдөө ыкмалары аныкталды жана негизделди;

4. Туризм тармагындагы студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенттүүлүгүндөгү түзүлүш деңгээли белгилүү болду жана бул педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгү илимий негизде аныкталды.

Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү анын натыйжаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана компетентүүлүк мамилесине негизделген тейлөө менен туризм тармагындагы адистерди даярдоодогу сунуштар, туризм тармагындагы адистердин англис тилин окуп-үйрөнүүдө коммуникативдүү компетентүүлүгүн калыптандыруу боюнча тапшырма жана көнүгүүлөрдүн системасынын иштелиши, белгилүү бир профилдеги адистерди

даярдоодо “Англис тили” дисциплинасынын мүмкүнчүлүктөрүнүн ишке ашышы, англис тили мугалимдеринин кесипкөйлүүлүгүн жогорулатууга негизделет.

Диссертациядагы коргоого коюлуучу негизги жоболор:

1. Бул процесстин теориялык негизинин иштелип чыгышын далилдеген “Англис тили” дисциплинасы, туристтик бизнес жаатындагы адистерди даярдоо үчүн коммуникативдик жана социалдык компетенттерди түзүүдө маанилүү роль ойнойт.

2. Чет тилди окуп-үйрөнүү процесси коммуникативдик компетенцияларды түзүү менен бирге белгилүү бир педагогикалык шарттардын аткарылышын талап кылат. Аларга төмөнкүлөр кирет:

– тил, оозеки жана студенттердин социалдык-маданий компетенцияларын түзүүгө негизделген, кесиптик багыты бар, тапшырма жана көнүгүүлөрдүн системасын иштеп чыгуу;

– студенттердин кесипке даярдык деңгээлинин ар кандай болгонуна байланыштуу окутууда дифференциялык мамилени колдонуу;

– студенттерди тили үйрөтүлүп жаткан өлкөнүн маданиятына ошондой эле, реалдуу кесиптик кырдаалдарга жакындатуу үчүн тиешелүү материалдарды колдонуу;

чет тилин окуп-үйрөнүүдө социалдык компетенцияларды түзүү төмөндөгүдөй педагогикалык шарттардын аткарылышын талап кылат:

– социалдык багыттагы интерактивдүү технологияларды колдонуу;

– студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон социалдык мамилеге багытталган аудиториядан тышкаркы иштерди уюштуруу;

3. Изилдөө тапшырмаларына жана максаттарына дал келген диагностикалык ыкмалардын колдонулушу жана алардын иштелип чыгышы жасалган изилдөөнүн натыйжалуулугуна да ишенимдүүлүк арттырат.

4. Туризм чөйрөсүн чагылдырган студенттердин англис тил сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды калыптандыруусу, педагогикалык шарттардын практикалык түрдө ишке ашуу эффективдүүлүгү педагогикалык текшерүүнүн жүрүшүндө аныкталган.

Изденүүчүнүн жекече салымы: туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү студенттердин англис тилин окуп-үйрөнүү процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенциялардын калыптанышынын теориялык негизин иштеп чыгып, коюлган изилдөө маселелерин чечүүгө себепкер болгон педагогикалык шарттарды аныктоо, туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү адистер үчүн чет тилдик коммуникативдик компетенцияларды түзүүдө англис тили боюнча тапшырма жана көнүгүүлөрдүн системасын иштеп чыгуу жана окуу-усулдук куралдарды иштеп чыгуудан турат. “Студенттер үчүн англис тилиндеги көнүгүүлөр жыйнагы (даярдоо багыты “Мейманкана иштетүү”)”.

Илимий иштин апробацияланышы: Туризм академиясында (2018-жылы, Май) жана Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Кесиптик жогорку мектебинин туризм кафедрасында (2018-жылы, Июнь) өткөрүлдү. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жобосу жана жыйынтыктары жергиликтүү

жана эл аралык деңгээлдеги конференцияларда баяндалды. Ошондой эле, изилдөөнүн материалдары “Студенттер үчүн англис тилиндеги көнүгүүлөр” жыйнагынан (даярдоо багыты “Мейманкана иштетүү”, Бишкек, .2017-ж) өз ордун тапты.

Илимий иштин басылмаларда жарыяланышы: Изилдөөнүн негизги жобосу жана жыйынтыктары сегиз макала болуп жарыяланган. Алардын катарында Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы жана РИНЦ системасы тарабынан сунушталган басмалар бар.

Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү. Диссертация киришүү, үч бөлүм, жыйынтыктар, практикалык сунуштар, колдонулган адабияттардын тизмесинен (193 аталыш) жана жети тиркемеден турат. Жалпы көлөм – 170 бет, 14 таблица, 11 сүрөт.

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүү бөлүмүндө изилдөө темасынын актуалдуулугу тууралуу айтылып, максат жана тапшырмалар аныкталат. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанилүүлүгү белгилүү болуп, илимий жаңылык ачылат. Ошондой эле аталган бөлүмдө жактоого алынган жоболор изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөө ишинин апробациясы, иштин структурасы боюнча жана илимий иштин көлөмү жөнүндө жалпы маалымат берилди.

Диссертациянын биринчи главасында «Туризм жана тейлөө чөйрөсүндөгү студенттердин англис тили сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенттерди калыптандыруунун теориялык негиздери» ачыкталып, жогорку кесиптик билим берүү системасындагы компетенттүү мамиле каралган. Туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү адистердин коммуникативдик жана социалдык компетенттеринин ролу менен мааниси аныкталган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасындагы туризм багытындагы студенттердин социалдык жана коммуникативдик компетенттерин калыптандыруу шарттары сүрөттөлгөн.

Биздин изилдөөдө англис тили сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенттерди калыптандыруудагы көйгөйлөр менен бирге Н.А. Асипова, Н.К. Сартбекова, Н.И. Гез, Е.С. Полат жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылган компетенттүү, коммуникативдүү, өз алдынчалыкка багыт алуу сыяктуу негизги мамилелер каралат.

Бүгүнкү күндө жумуш берүүчүлөр адистердин даярдыгына катуу карашат. Туризм чөйрөсүндөгү адистер үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүү, англис тилинде ишкердик кат алышуу негиздерин билүү кесипкөйлүк үчүн өтө маанилүү болуп саналат. Жогоруда аталгандардын баары чет тилдик коммуникативдик компетенттердин түзүлүшүн талап кылат. Бул багыттагы адис ишин эң мыкты деңгээлде билиш мүмкүн. Бирок чет тилди мыкты билбегендиктен анын кардар менен баарлашуусу солгунга учурайт да мындай абал көпчүлүк учурда сапатсыз тейлөөгө, кээ бир учурларда кардар менен араздашууларга жол ачат.

Биз изилдөөбүздө чет тилдик коммуникативдик компетенттердин аныктоолоруна, т.а. В.В. Сафанова тарабынан сунушталган “билим алып жаткан окуучунун коммуникативдик жана бир же эки тилдүү баарлашууга байланыштуу

оозеки сүйлөшүүдө өзүнүн кыймыл-аракетин эркин жана максаттуу алып жүрүүгө үйрөткөн сунушуна токтолдук. Анын ою боюнча, ар тараптуу маданияттын коммуникативдик өнүгүүсү үчүн негиз жараткан тил, оозеки жана социалдык-маданий билим, көндүмдөр, жөндөмдүүлүктүн белгилүү деңгээли" толугу менен көрсөтүлдү. Бул компетенттүүлүккө төмөндөгүдөй субкомпетенциялар кирет. Алар: тил, оозеки жана социалдык-маданий.

Бул илимий ишибизде туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү адистердин социалдык компетенттери аныкталды. Социалдык компетенттерди аныктоодо Т.Г. Пушкарева жана Ю.А. Трифонова тарабынан сунушталган түзүлүштө "социалдык жана инсан ортосундагы мамилелерге эффективдүү түрдө кире билүү, анализ кылуу, тобокелчиликтерге баа берүү, коомдук жана жеке баалуулуктарга каршы келбеген муктаждыктар, максаттар, кызыкчылыктар белгисиз болуп турган учурунда чечим чыгара билүү сыяктуу өздүк жөндөмдөр интегративдик мүнөздөмө" катары каралат. Биз, авторлор тарабынан сунушталган социалдык компетенциянын 4-сүрөттө көрсөтүлгөн компоненттерине таяндык.

Экинчи главада «Туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү студенттердин англис тили сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенттерди түзүүнүн ыкмасы» тууралуу айтылат. Анда изилдөөнүн объектиси жана предмети аныкталып, изилдөөнүн ыкмалары ошондой эле, алардын тандоолору жөнүндө айтылат. Бул бөлүмдө туризм жаатындагы студенттерге англис тилин үйрөтүү процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенттерди калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталган.

Туризм жана тейлөө жаатындагы студенттердин англис тилин окуп-үйрөнүү процесси диссертациялык изилдөөнүн **объектиси** болуп саналат. Ал эми англис тилин окуп-үйрөнүүдө коммуникативдик жана социалдык компетенттерди калыптандыруу изилдөөнүн **предмети** болуп эсептелет.

Бул жүргүзүлгөн эксперименттин максаты жана милдети үч баскычтан турган программанын болушун шарттады: 1) аныктоо баскычы (баштапкы срезди жүргүзүү, уюштуруу убактысын эске алуу, группаларды түзүү); 2) калыптануу баскычы (студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүүдө педогогикалык шарттарды ишке ашыруу); 3) текшерүү баскычы (эксперименталдык иштин натыйжаларын иштеп чыгуу, негизги жыйынтыктарды аныктоо жана сунуштарды иштеп чыгуу).

Баштапкы срез же болбосо алгачкы текшерүү 2017-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин «Туризм» бөлүмүнүн студенттеринен жана Туризм академиясынын «Туризм», «Мейманкана иштетүү» бөлүмүндө даярдалып жаткан студенттеринен алынган. Экспериментке жалпы жонунан 117 адам катышкан. Эксперименталдык группа 58 адамдан туруп, 36 студент "Манас" университетинин «Туризм» бөлүмүнөн келип катышса, 2-курстун 31 студенти бакалавриатка даярдалып жаткан «Туризм» бөлүмүнүн студенттери болгон. Контролдук группа 59 кишиден туруп, алардын 28и Туризм академиясынын «Туризм» жана «Мейманкана иштетүү» бөлүмүнүн студенттери болушкан. Баштапкы срез же баштапкы текшерүү контролдук жана эксперименталдык топтордо студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларынын калыптаныш деңгээлинин баштапкы абалын

аныкташ үчүн жүргүзүлгөн. Чет тилдүү коммуникативдик компетенцияны комплекстүү баалоонун зарылчылыгын эске алуу менен биз 3 бөлүмдөн турган тест иштелип чыкты.

Биз жогоруда иштеп чыккан тапшырманы даярдоодо жана коммуникативдик компетенцияны комплекстүү баалоо 3 бөлүмдөн түзүлдү. Мунун негизги максаты ар бир (тилдик, кептик жана социомаданий) компетенттин түзүлүшүн баалоо болуп эсептелет. Тесттин биринчи бөлүмүндө англис тилинин фонетикасы, лексикасы жана грамматикасы текшерилет. Ал эми экинчи бөлүмдө угуп түшүнүү, окуу жана жазуу, сүйлөө жөндөмдөрүнө басым жасалат. Үчүнчү бөлүм социомаданий компетенциянын пайда болушун баалоого арналган. Тест суроонун мындай түрлөрүн камтыйт: бир туура сүйлөмдүн төрт же беш вариантын түзүү, текстти толуктоо, текстти маанисине жараша бириктирүү. Бул тапшырмалар компетенциянын түзүлүшүнө же үч баскыч боюнча бөлүштүрүлөт: таануу (1), тааныш кырдаалда көбөйтүү (2), тааныш эмес кырдаалда чечим кабыл алуу (3). Брондоо бөлүмүнүн менеджери катары иштеген студенттин жазуу ишин баалоо боюнча түзүлгөн тапшырмаларда студент мейманкананын бир номерин брондоо каты менен кайрылган кардарга кайтарым кат жаза билүүсү шарт. Кардар бул катында үч суроо менен кайрылат, ал эми студент бул үчөөнө тең жооп берүүгө тийиш. Жазуу ишин баалоо тапшырмалары англис тилин баалоо боюнча жүргүзүлгөн Кембридж университетинин Эларалык сынактарынын критерийине негизделген KET (Key English Test). Жазуу ишинин жогорку баалоо баскычы 5 упай. Оозеки сынак болсо эки критерийге таянат. Биринчи критерий боюнча студент туризм индустриясына байланыштуу суроо алат. Экинчи багытта окутуучу менен маек куруп, диалог куруу жөндөмү бааланат. Баалоонун мындай критерийлери Кембридж университетинин (Cambridge English Language Assessment) англис тили боюнча алынган сынактарына негизделген. Баалоонун эң жогорку урайы 20 . Ар бир параметрге (лексика грамматикалык, оозеки кептин фонетикасы, монолог жана диалог куруу жөндөмүнө) 5 упайдан берилет. Коммуникативдик компетенцияны түзүү тестинде 17 суроо гана берилет. Мында эң жогорку 55 . Студент 44 менен 55 дын ортосунда топтосо, анда ал талаптарга толугу менен жооп бере алат дегенди билдирет. Статистикалык маалыматтар SPSS 22.0 компьютердик программасынын негизинде (Statistical Package for Social Sciences) иштелип, төмөнкү таблицада берилди:

1- таблица. – Баштапкы срезди өткөрүү жыйынтыгы (%)

Группалар	Тилдик компетент-түүлүк (% менен)	Оозеки компетент-түүлүк (% менен)	Социалдык-маданий компетент-түүлүк (% менен)	Орточо көрсөткүч (% менен)	Студенттердин саны
Контролдук группа (КГ)	36	53	56	49	59
Эксперимен-талдык группа (ЭГ)	38	57	61	52	58

Баштапкы срездин жыйынтыктары эксперименттин башында эксперименталдык топто коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу көрсөткүчтөрү контролдук топтун (29 студент) көрсөткүчтөрүнөн 52%ды түзүп, бир аз ашканын көрсөттү. Коммуникативдик компетенциянын ар бир компонентинин түзүлүшүн өзүнчө караганда эксперименталдык топто тилдик компетенциянын түзүлүшү жалпы стеденттерде 21 кишиде 36%ды түзгөнүн көрүүгө болот. Ал эми социомаданий көрсөткүчү 33 студентте 56%ды түзгөн. Эксперименталдык топто көрсөткүчтө төмөнкүчө болгон: тилдик компетенциянын түзүлүшү 22 студентте 38%ды, кептик компетенция 33 студентте 57%ды, социомаданий компетенция 25 студентте 61%ды түзгөн.

Изилдөөнүн алкагында социалдык компетенттүүлүк төмөнкү компаненттик түзүлүштөргө байланыштуу болду: 1) башкага ыкталган; 2) социалдык мобилдүүлүк жана адамдын активдүүлүгү. Натыйжада социалдык компетенттүүлүктүн калыптанышын аныктоочу эксперименттик баскычы компонентти анализдөөгө, анын башкалар менен байланышын аныктоого ыңгайланышкан В.В.Бойконун сурамжылоосунун негизинде жүргүзүлдү. Социалдык мобилдүүлүк жана адамдын активдүүлүгүнө байланыштуу компонентти баалоо Т.В.Корниловонун сурамжылоосунун жардамында ишке ашырылды. Бул сурамжылоолор мүмкүн болушунча биздин изилдөөлөргө карата ыңгайлаштырылды.

Демек, биринчи анкетанын суроолорунун натыйжасы: менин социалдык компетенттүүлүк 1-деңгээл толук түрдө эмпатикалык жөндөмдү аныктоого багытталды. Тактап айтканда, башка тараптын аракетин болжолдой билүү (биздин жагдайда – кардардын, өнөктөштүн), психологиялык жагымдуу жагдай түзүү, башканын ордуна өзүн коё билүү. Бул сурамжылоонун жыйынтыгы 1-сүрөттө чагылдырылган.



1-сүрөт. Баштапкы срездин жыйынтыктары (Анкета-1).

В.В. Бойконун инструкциясы боюнча аныктоо баскычында упайларды эсептөө эксперименталдык топто орточо 16 болду. Ал эми текшерүүчүлөрдүн группасынын орточо упайы 21ди көрсөткөн. Бул эки топто тең упайлар абдан төмөн көрсөтүлгөн. Эксперименталдык жана текшерүүчү группанын орточо упайын эсептөөдө ар бир студент «Ооба» деп жооп берген. Булар ушул топтогу респонденттердин жалпы санына бөлүнөт.

Экинчи анкетанын максаты (2-Анкета) мындай көрсөткүчтөрдү аныктоо: 1) белгисиздикке карата толеранттуулук (БТ), жаңычылдыкка ачык болуу, чыгармачыл болуу, татаал маселелерди өзү чечүү дегендикти билдирет; 2) белгисиздикке карата интолеранттуулук (БИТ), жаңычылдыкка жана белгисиздикти кабыл албоо, жумуштагы иреттүүлүккө умтулууну көрсөтүп турат; 3) белгисиздикке карата адам аралык интоллеранттуулук (ААИТ), башкалар менен болгон мамиледе белгисиздикти кабыл албоону билдирет. Ошентип, бул анкета кызматкердин белгисиз же туңгуюк учурларда өзүн кандай алып жүрүүнү аныктоого жардам берет. Бул анкета үч негизги блоктон турат. Ар бир суроо жогоруда айтылган көрсөткүчтөргө багытталган. Анкетада бардыгы болуп 33 суроо берилген. Сурамжылоого катышкан ар бир студент суроого же макул же макул эмес экенин билүү үчүн баалоо сунушталган. Суроонун биринчи блогу (1-12) белгисиздикке толеранттуу экенин, экинчи блогу (13-25) белгисиздикке чыдамсыз экенин билдирсе, үчүнчү блокто (26-33) белгисиздикке адамдар аралык чыдамсыздыкты туюндурат. Толеранттуулуктун БТ көрсөткүчү мындай 12-35 төмөн, 36-60 орто, 61-84 эң жогору. Ал эми БИТ көрсөткүчү боюнча 13-38 төмөн, 39-65 орто, 66-91 жогору. ААИТ көрсөткүчү 8-23 төмөн, 24-40 орто, 41-56 жогору. Экинчи анкетанын жыйынтыктарын анализдөөдө эксперименталдык топтун көрсөткүчтөрүн аныктоо этабында төмөнкүдөй болгонун көрсөттү: орточо эсеп менен БТ 32, БИТ 67, ААИТ 29 . Контролдоо тобунда көрсөткүч мындай болгон: БТ – орто эсеп менен 39 упай, БИТ – 52 жана ААИТ – 31 упай.



2-сүрөт. Башталгыч срездин жыйынтыктары (2-Анкета).

Аныктоо экспериментинин жыйынтыгы көрсөткөндөй, текшерүүчү топто социалдык компетенттүүлүктү калыптандыруу эксперименталдык топтун студенттеринин арасындагы бул компетенттүүлүктү калыптандыруудан бир аз жогору.

Келечектеги адистердин компетенттүүлүгүн калыптандырууну изилдөө бул процесстин шарттарын аныктоонун зарылдыгын көрсөттү. Биздин оюбузча, англис тил сабактарында студенттердин туризм жаатындагы коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууда 3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй педагогикалык шарттар эске алынса, максатка ылайык болор эле.

Коммуникативдүү компетенцияны түзүү ишинде бардык компоненттер каралышы керек. Тилдик компетенция коммуникативдик компетенциянын өзөгү экенин баса белгилөө керек. Ошентип, биринчи педогогикалык шартка, биз,

көнүгүүлөр менен тапшырмалардын системасын иштеп чыктык. Мында тилдик, шарттуу-кептик жана кептик көнүгүүлөр ырааттуу каралат.

Экинчи педагогикалык шарт катары чет тили боюнча оозеки компетенттүүлүктү калыптандырууда ар кандай деңгээлдеги студенттерди окутууда алардын билим деңгээлине жараша бөлүштүрүү маанилүү. Алдын ала диагностикалоо студенттердин тилди билүү денгээлин аныктоо менен төмөнкү үч багытта: "А" төмөнкү, "Б" орто жана "С" жогору деңгээлге ылайык окутуу ишин уюштурууга мүмкүндүк түзөт.

Чет тили боюнча оозеки компетенттүүлүктү калыптандыруудагы кийинки бөлүк В.В.Сафонованын сунушу боюнча сүйлөмдү туура түзүү болуп саналат. Оозеки компетенттүүлүк төмөнкү төрт багыттагы билимди окутуу менен ишке ашырууну коштойт: аудио, сүйлөө, окуу жана жазуу.

Студенттерге аудио угузуу – алардын кесипкөй ишмердүүлүгүндө маанилүү орунду ээлейт. Ал кандай гана жагдайда болбосун чет тилин угуу менен түшүнүүгө үйрөтөт. Аудио тексттери студенттердин болочоктогу кесибин эске алынып тандалат. Ошондуктан телефон аркылуу сүйлөшүүлөр, авиабилеттерди, мейманканадан атайын номер алып коюу (брондоо), аэропорттогу каттамдардын жарыясы, турлардын жарнамасы сыяктуу жана башка жагдайлардагы профессионалдуу баарлашууга ылайыкташкан аудио материалдар тандалган. Сабак учурундагы аудио тексттер менен иштөө 3 баскычтан турду: текстке чейин, текст менен жана текстен кийинки. Текстке чейинки баскычтын максаты студенттерге текстти угууга мотивация берүүгө багытталат. Тексттүү этап маалыматты угуу менен түшүнүүгө жана тексттен кийинки баскыч толугу менен аудио текстти түшүнүүнү көзөмөлдөгөн көнүгүүлөрдү камтыйт.

Аудио тексттерди даярдоодо студенттердин келечектеги кесиби эске алынышы керек. Аудио материалдар кесиптик сүйлөшүү, телефондо сүйлөшүү, авиабилеттерди жана мейманкаларда номер брондоо, аэропортто рейсттерди жарыялоо, турлары ж.б. кулактандыруу боюнча тандалып алынган. Бул багытта окуган студенттер “Бишкектин кооз жерлери”, “Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети”, “Ош – Орто Азиядагы эң байыркы шаар” ж.б. аталышта оозеки баяндамаларды жасашты.

Студенттерди чет тилде жазуу ишин үйрөнүүсүндө үч баскыч аныкталды. Алар: баштапкы, орто жана жогорку. Башталгыч баскычта студенттер даяр жазуу иштери, бланка, анкета жана резюме ж.б. менен таанышат. Экинчи баскычта болсо, резюменин даярдалышы, иш кагаздарын ж.б. өздөштүрүлөт. Жогорку баскычта студенттер жазуу иши менен катар, иш кагаздарынын түрлөрү жана анын жазылышы менен таанышып калышат. Ошондуктан бул баскычта студенттерге кат жазуу, резюме, катталуу формаларын толтуруу ж.б. боюнча тапшырмалары берилет.

Жогоруда белгилүү болгондой, тилдик жана кептик компетенция менен бирге коммуникативдик компетенцияга социомаданий компонент да кирет. Бул компетенция студенттердин үйрөнүп жаткан чет тилдин улуттук-маданиятын билүүгө шарт түзөт. Туризм багытында иш жолун баштай турган кызматкер социомаданий билими жок чет тилде сүйлөгөн кардарлар менен маек куруусу абдан эле татаал болору шексиз.

Ошондуктан *экинчи педагогикалык шарт* катары студенттин чет тили боюнча оозеки компетенттүүлүгүн калыптандырууда коммуникативдик компетенциянын социомаданий компоненти үчүн атайын аудио материалдарга маани берилиши каралат. Мында негизги себеп студентти чет тили катары үйрөнүп жаткан элдин маданиятына жакындатуу жана кесиптик ар кандай кырдаалга даярдоо болуп саналат. Ошентип, окуу материалдарындагы текстер менен катар кесиптеги түрдүү иш-аракетке байланыштуу, маселен, рекламалык турга байланыштуу брошюраларды, бланка менен туристтердин мейманкананын тейлөө кызматына байланыштуу анкета, туризм багытындагы кызматкерлер менен болгон маектерге байланышкан оригинал текстер тандалып алынды.



3-сүрөт. Коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу технологиясы.

Туризм багытында окуган студенттердин англис тилин окуудагы социалдык компетенциясын түзүү үчүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттар иштелип чыкты. Алар 4-сүрөттө берилди.



4-сүрөт. Социалдык компетенция түзүүнүн технологиясы.

Социалдык компонентти түзүүдөгү биринчи педагогикалык шарт катары, биз, студенттердин келечектеги кесибине түз таасири боло турган окуу китебинин мазмунун тандап алдык. Биздин оюбузча, чет тилин окутуу боюнча окуу китеби кызыктуу, тактап айтканда, студенттердин кесибине байланыштуу жана аны андан ары өздөштүрүүгө көмөкчү болушу керек. Аталган багытта окуган студенттерди чет тилге окутуу китептери сөзсүз түрдө Кыргызстандагы жана дүйнө жүзүндөгү туризм өнөр жайынын бүгүнкү абалын жана багытын ичине камтышы зарыл. Мындай окуу куралдарын тандоодо, биз, туризм багытындагы кызматкерлердин кесиптик милдетин жана кесипкөйлүгүн эске алдык.

Англис тилин окутууда экинчи педогогикалык шартты аткаруу үчүн интерактивдүү технологиялар, алсак, ролдоштуруу оюндары, долбор методу ж.б. колдонулду.

Ролдоштуруу оюну үч баскычтан турат: 1) даярдануу баскычы; 2) оюнду өткөрүү баскычы; 3) текшерүү баскычы. Оюн сабактарында тандалып алынган темалар жалпы жонунан окулуп жаткан (“Ресторанда бир орунду брондоо”, “Кардарлардын арызданулары”) темаларынан алынган.

Студенттердин социалдык компетенциясын өнүктүрүү жана түзүү, кесиптик кызматташууну уюштуруу үчүн долбор методикасын сунуштадык. Дүйнө жүзүндөгү жана Кыргызстандагы туризм өнөр жайын өнүктүрүү багытын чагылдырган долбордун темалары катары «Кыргызстан – туризм өлкөсү», «Кыргызстандагы экотуризм», «Кыргыз улуттук ашканасы», «Лондон популярдуу туристтик багыт катары», «Дүйнө жүзүндөгү фестивалдар» ж.б.у.с. тандалып алынган.

Социалдык компоненттерди түзүүнүн *педогикалык үчүнчү шарты* сабактан сырт иштерди уюштуруу болуп саналат. Мында студенттерди келечектеги кесибине байланыштуу социалдык иш-чараларга аралаштыруу максатталган. Сабактан сырт тапшырма катары туризм жана тейлөө жаатындагы иш орундарына экскурсия жасоо сунушталды. Экскурсия сабагында үч багыт каралды: 1) экскурсияга даярдык; 2) экскурсия боло турган жерге студенттердин чыгышы жана керектүү окуу иштерин аткаруу; 3) экскурсиянын жыйынтыгын чыгаруу.

Эксперименттин алкагында студенттерди эскурсияга чыгаруу боюнча бир канча жерлер сунушталды. Алар: «Jannat Regency Bishkek» мейманканасы, «Kyrgyz Concept» туристтик компаниясы, «Бурана» мунарасы, «Ала-Тоо» аянты, «Фрунзе» рестораны, «Ала-Арча» табигый паркы.

Үчүнчү главада туризм жана сервис тармагындагы студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларынын калыптанганын текшерген эксперименталдык текшерүү тууралуу кеп болот. Бул жерде эксперименттти өткөрүүнүн программасы көрсөтүлгөн. Окутуунун эксперименталдык-тажрыйбасындагы маалыматтарга ылайык изилдөөнүн гипотезасы тастыкталган. Изилдөө үч баскычта жүргүзүлгөн.

Биринчи баскычта (2015-2016-жж.) методикалык, психологиялык жана педагогикалык адабияттар менен таанышуу, тамага байланыштуу эмприкалык материалдардын чогултуу иштери жүргүзүлдү. Бул иш-чаралардын жүрүшүндө туризм жана тейлөө кызматкерин даярдоодо чет тилин окутуу боюнча мурунку

сабактар менен чет тилдүү билим берүү системасында карама-каршылыктар пайда болду. Муну менен бирге гипотезалар аныкталды.

Экинчи баскычта (2016-2017-жж.) эмприкалык жана теориялык материалдарды жалпылоо жана тактоо иштери жасалды.

Үчүнчү баскычта (2017-2018-жж.) эксперименталдык тажрыйба сабактары жана текшерүү эксперименттери жүргүзүлдү. Булар студенттин коммуникативдик жана социалдык компетенциясынын деңгээлин аныктоо жана диссертациялык изилдөөнүн уюшулушу аркылуу жүзөгө ашырылды.

Белгиленген милдеттерди чечүү жана алдыга коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй изилдөө методдору колдонулду: ата мекендик жана чет элдик авторлордун англис тили сабактарында туризм жана сервис жаатында студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу көйгөйү боюнча психологиялык-педагогикалык илимий-методикалык адабияттарды изилдөө; суроо; тестирлөө; педагогикалык эксперимент; алынган натыйжаларды статистикалык иштеп чыгуу ыкмасы

Эксперименттин калыптандыруучу этабы 2017-жылдын сентябрь айынан тарта 2018-жылдын июнь айына чейин созулду. 59 студент (Туризм академиясынын «Туризм», «Мейманкана иштетүү» бөлүмүндө даярдалып жаткан 2-курстун 28 студенти жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жогорку билимдүү «Туризм» бөлүмүнүн 2-курсунун 31 студенти) контролдук группага кирди. Ал эми 58 студент 36 студент «Манас» университетинин «Туризм» бөлүмүнөн келип катышса, бакалавриатка даярдалып жаткан «Туризм» бөлүмүнүн, 2-курсунун 22 студенти эксперименталдык группада болуп, биздин сунуштаган педагогикалык шарттар менен англис тилинде коммуникативдик жана социалдык компетенттүүлүктүн калыптанышын окуду.

Алдын ала диагностика студенттердин тилди билүү деңгээлин аныктоого жардам берди. Алдын ала диагностиканын натыйжасында студенттердин тилди билүү денгээлин аныктоо менен төмөнкү үч: "А" төмөнкү, "Б" орто жана "С" жогору деңгээлге бөлүү менен, окутуу эксперименти уюштурулду. Сабакта иштөөдө айрым пункттар аныкталды: 1) ар бир студент окуусун улантууда жеке траекторияга ээ болгон; 2) тапшырмалар туризм тармагына байланыштуу изилденген темаларга ылайык аткарылды, бул студенттердин окууга жана тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусунун жогорулашынын натыйжасы, ошондой эле алардын тилди билүү деңгээлин жогорулатуу зарылчылыгы болуп эсептелет.

Социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууда эксперимент биз иштеп чыккан педагогикалык шарттарды ишке ашырууга багытталган. Эксперименталдык окутуу процессинде студенттер англис тилин үйрөнүүгө кызыгуусун арттырып, алардын окуудагы жетишкендиктери жакшырып, социалдык көндүмдөр жолго салынган.

Эксперименттин жыйынтыгы боюнча коммуникативдик жана социалдык компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээлин аныктоо максатында эксперименталдык жана контролдук топтордо текшерүү өткөрдүк.

Жыйынтыктоочу срездин результаты 3-таблицада берилди. Көрүнүп тургандай, эксперименталдык топто коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруу көрсөткүчү 67% (39 окуучуда), контролдук топто 53% (31 окуучуда)

түздү. Эгерде ар бир компетенттүүлүктү өзүнчө карай турган болсок, анда контролдук топто тил компетенттүүлүгүнүн деңгээли 42% (25 окуучуда), сүйлөө 63% (37 окуучуда), ал эми социалдык-маданий 56% (33 окуучуга) жеткенин көрөбүз. Эксперименталдык топтун көрсөткүчтөрү төмөнкүчө болду: тилдик компетенттүүлүктү калыптандыруу - 48% (28 окуучуда), кептик - 72% (42 окуучуга), ал эми социалдык-маданий - 78% (45 окуучуда).

3-таблица. – Акыркы срездин жыйынтыктары (% менен)

Группа	Тилдик компетенция	Кептик компетенция	Социо-маданий компетенция	Коммуни-кативдик компетенция	Студенттердин саны
Текшерүүчү группа (ТГ)	**42**	**63**	**56**	**53**	**59**
Эксперимен-талдык группа (ЭГ)	**48**	**72**	**78**	**67**	**58**

Акыркы срездин жыйынтыгында 67,24%, башкача айтканда 39 окуучу 44төн

55ке чейинки топтогону аныкталды. Бул көрүнүш эксперименталдык топтун студенттеринин коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу эксперименти аяктагандан кийин калыптангандыгын тастыктады. Жалпы сандын 32,76% түзгөн 19 студент 44төн төмөн алышкан. Текшерүү тобунда 52,54%, башкача айтканда, 31 студент 44төн 55ке чейинки аралыкта топтошту. Бул көрүнүш эксперименталдык топтогу студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн калыптангандыгын билдирет. Калыптандыруучу экспериментте 28 окуучу, же жалпы санынын 47,46%ы 44төн төмөн алышты.

Баштапкы жана жыйынтыктоочу срездин орточо натыйжаларын салыштырганда (2-таблица), эксперименталдык топто коммуникативдик компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээли 15% га жогорулаганын (52ден 67% га чейин) көрүүгө болот. Ошол эле учурда, контролдук топто бул компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээли 49% дан 53% га чейин бир аз жогорулаган (баштапкы срез жыйынтыктарына салыштырмалуу 4% га).

2-таблица. – Баштапкы жана контролдук срездин жыйынтыктары

Группалар	Баштапкы срез	Контролдук срез
КГ	49 %	53 %
ЭГ	52 %	67 %

Формативдик эксперименттин жыйынтыгы боюнча биз студенттердин социалдык компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо максатында эксперименталдык жана контролдук топтордо текшерүүчү срез өткөрдүк. Социалдык компетенттүүлүктүн көрсөткүчтөрү 5-сүрөттө көрсөтүлгөн.

5-сүрөт. Эмпатикалык жөндөмдөрдүн деңгээлин аныктоо үчүн баштапкы жана жыйынтыктоочу натыйжаларды салыштыруу.

Алынган натыйжаларды талдоо иши (5-сүрөт) эксперименталдык топто контролдук топко салыштырмалуу социалдык компетенттүүлүктүн калыптанышынын жогорулагандыгын көрсөтөт. Эксперименттен кийин эксперименталдык топтун орточо ы 16дан 27 упайга чейин жогорулаган. Бул эмпатикалык жөндөмдөрдүн орточо деңгээлин көрсөтөт, ал эми контролдук топтун көрсөткүчү 20 упайды түзгөн (жасан көрсөткүч).



6-сүрөт. Белгисиздикке толеранттуулукту аныктоо үчүн баштапкы жана жыйынтыктоочу срездин натыйжаларын салыштыруу.

Калыптандыруучу эксперименттен соң (4-сүрөт) эксперименталдык топтогу аныкталбагандыкка карата толеранттуулук (АТ) 32ден 41 упайга чейин өстү. Бул орто көрсөткүч болуп саналат жана жаңылануларга аракет кылуу менен кыйын жагдайга барууга даяр экендигин көрсөтөт. Аныкталбагандыкка карата интолеранттуулук (АИТ) 67ден 55 га чейин түшүп, жумуштагы ачыктыкка карата аракеттин төмөндүгүн көрсөтөт. Белгисиздикке адамдар аралык толеранттуулук (ААТ) дагы 29 дан 18 упайга чейин төмөндөгөн, бул адамдар аралык мамилелерде белгисиздик пайда болгон учурда ыңгайсыздыктын азайгандыгын көрсөтөт. Текшерүүчү топто ТТ 39 упайдан 37 упайга чейин бир аз төмөндөсө, ИТ белгисиздиктин четке кагылышын көрсөтүп, 52 упайдан 61 упайга чейин жогорулады, ал эми ААБИТ көрсөткүчү 31ден 28

упайга чейин бир аз гана төмөндөдү, бул эксперименттин натыйжалуулугун көрсөтөт.

ЖЫЙЫНТЫК

Туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү студенттердин англис тили сабактарында коммуникативдик жана социалдык компетенттерди калыптандыруусу боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары төмөндөгүдөй бүтүмдөргө алып келди.

1. Изилдөө коммуникативдик жана социалдык компетенттердин теориялык негиздерин аныктады. Туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү келечектеги адистердин коммуникативдик жана социалдык компетенттерди калыптандыруусунун маанилүүлүгү айтылып, алардын мүнөздөмөлөрүнүн орду белгиленди. “Билим алып жаткан окуучунун коммуникативдик жана бир же эки тилдүү баарлашууга байланыштуу оозеки сүйлөшүүдө өзүнүн кыймыл-аракетин эркин жана максаттуу алып жүрүүгө үйрөткөн, ар тараптуу маданияттын коммуникативдик өнүгүүсү үчүн негиз жараткан тил, оозеки жана социалдык-маданий билим, көндүмдөр, жөндөмдүүлүктүн белгилүү деңгээли” тууралуу коммуникативдик компетентке аныктама берилди. Бул компетенттин түзүлүшүнө тил, оозеки жана социалдык-маданий сыяктуу субкомпетенттер кирери далилденди. Биз туризм жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү адистин социалдык компетентин аныктадык. Мындан “социалдык жана инсан ортосундагы мамилелерге эффективдүү түрдө кире билүү, анализ кылуу, тобокелчиликтерге баа берүү, коомдук жана жеке баалуулуктарга каршы келбеген муктаждыктардын, максаттардын, кызыкчылыктардын белгисиз болуп турган учурунда чечим чыгара билүү сыяктуу өздүк жөндөмдөрдү интегративдик мүнөздөмө” экени белгилүү болду. Туристтик чөйрө адисинин башка багыт жана адамдын социалдык мобилдүүлүгү менен активдүүлүгүнө байланышкан социалдык компетенттеринин компоненттери аныкталды. Бул компоненттер туризм жаатындагы адистин төмөндөгүдөй социалдык компетенттерин чагылдырат: өз моюнуна жоопкерчиликти алуу жана кесиптик баарлашуу учурунда сезимдерин башкара билүү, сезимталдык жана кардардын кыймыл-аракетин алдын ала көрө билүү жана башкалар. Атаандаштык көрсөтүү кудуретине ээ адисти даярдоодо жогоруда айтылган компетенттердин түзүлүшүн, англис тилинин маанилүүлүгүн изилдөө көрсөттү.

2. Эгерде белгилүү педагогикалык шарттар эске алынса, туризм чөйрөсүндөгү студенттердин англис тили сабактарында чет тилдик коммуникативдик компетенттерди калыптандыруусу ийгиликтүү өтөрүн изилдөө көрсөттү. Туризм жаатындагы студенттердин чет тилдик коммуникативдик компетенттерин калыптандырууда төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар аныкталды:

а) В.В.Сафанова тарабынан сунушталган тил, оозеки жана студенттердин социалдык-маданий компетенцияларын түзүүгө максатталган, кесиптик багыты бар тапшырма жана көнүгүүлөрдүн системасын иштеп чыгуу;

б) студенттердин даярдык деңгээлинин ар кандай болгонуна байланыштуу, окутууда дифференциялык мамилени колдонуу;

в) студенттерди тили үйрөтүлүп жаткан өлкөнүн маданиятына ошондой эле, реалдуу кесиптик кырдаалдарга жакындатуу үчүн акыйкат материалдарды колдонуу;

Чет тилин окуп-үйрөнүүдө социалдык компетенцияларды түзүү төмөндөгүдөй педагогикалык шарттардын аткарылышын талап кылат:

а) социалдык багыттагы интерактивдүү технологияларды колдонуу;

б) студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө тиешелүү болгон социалдык мамилеге багытталган, аудиториядан тышкаркы иштерди уюштуруу;

3. Студенттердин коммуникативдик жөндөмдөрүн аныктоо максатында коммуникативдик компетенциянын курамына кирген ар бир компоненттин жөндөмдүүлүгүнө (тил, сүйлөө жана соцалдык маданиятына) баа бере турган ыкмалардын жыйындысы иштелип чыккан. Студенттердин социалдык компетенттүүлүгүнүн деңгээлин баалоо үчүн изилдөөнүн талаптарына ылайыкташкан атайын суралтар жүргүзүлөт. Суралтардын бири кардардын башканын ориентациясына байланган (алдын ала билүү, алдын ала көрүү) сыяктуу эмпатиялык жөндөмдөрүн аныктоого багытталган. Дагы бир сурак объекттин (бул учурда жумушчу тууралуу сөз болуп жатат) анык эмес жагдайларда иш алып барып, андан ийгиликтүү чыгууга даярдыгын изилдейт. Аталган сурак адамдын социалдык активдүүлүгү жана мобилдүүлүгүнө байланышкан компоненттин түзүлгөндүгүнүн деңгээлин аныктоого багытталган.

4. Биздин изилдөө коммуникативдик жана социалдык компетенттер туризм чөйрөсүндөгү жумушчу үчүн маанилүү экенин түшүндүрүп, туризм жана тейлөө жаатында окуган студенттердин англис тили боюнча сабактарда калыптанууга мүмкүнчүлүгү бар экенин көрсөттү. Изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан педагогикалык шарттар эксперименттик процессте ишке ашты. Туристтик чөйрөдөгү келечектеги адистердин коммуникативдик жана социалдык компетенттеринин калыптанышынын ишке ашкан педагогикалык шарттары, педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө алынган сапаттык жана сандык көрсөткүчтөр менен далилденип турат.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Өткөрүлгөн педагогикалык изилдөө төмөндөгүдөй практикалык сунуштарды аныктады:

1. Чет тилдик коммуникативдик жана социалдык компетенттердин калыптанышы жана өнүгүшү боюнча студенттер үчүн иштелип чыккан ыкма, туристтик чөйрө үчүн адистерди даярдаган кесиптик колледж жана жогорку окуу жайлардагы англис тили сабактарында колдонулса болот.

2. Чет тили боюнча мугалимдер практикалык иште педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыгын активдүү колдонгон учурда, чет тилдик коммуникативдик жана социалдык компетенттердин калыптанышынын эффективдүүлүгү жогорулайт.

3. Туристтик чөйрөдөгү студенттер үчүн чет тилдик коммуникативдик компетенттердин калыптандырылышы боюнча сунушталган тапшырма жана көнүгүүлөр, окуу-усулдук куралдардын жана англис тили мугалимдери үчүн методологиялык сунуштар, педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктары англис

тили боюнча китеп, практикалык курстарды түзгөндөр тарабынан колдонууга болот.

4. Иштелип чыккан ыкма англис тилин үйрөнүп жаткан студенттер үчүн түзүлдү. Бирок башка чет тилдерди үйрөнүп жаткандар да колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү басылмаларында чагылдырылган:

1. **Озтюрк, М.Ш.** Компетентностный подход в обучении иностранному языку будущих специалистов индустрии туризма [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Проблемы и перспективы развития педагогического образования: материалы международной научно-практической конференции // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – 2012. – №2. – С. 73-75.

2. **Озтюрк, М.Ш.** К вопросу о формировании коммуникативных компетенций специалистов в сфере туризма [Текст] / М.Ш. Озтюрк, Т.В. Панкова // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. Спецвыпуск. – 2015. – С. 255-257.

3. **Озтюрк, М.Ш.** Формирование коммуникативных и социальных компетенций будущих специалистов сферы туризма [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Инновационная наука. – Уфа, 2015. – С. 147-149.

4. **Озтюрк, М.Ш.** Роль иностранного языка в подготовке специалистов сферы туризма [Текст] / М.Ш. Озтюрк / Теоретические, методологические и прикладные вопросы науки и образования: материалы Международной научно-практической конференции НИЦ «Поволжская научная корпорация». – Самара, 2016. – С. 62-64.

5. **Озтюрк, М.Ш.** Особенности формирования коммуникативных компетенций студентов на занятиях по иностранному языку [Текст] / М.Ш. Озтюрк / Место литературы и педагогики в эпоху глобализации: материалы международной научно-практической конференции // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – 2017. – Вып. 1. – С. 331-334.

6. **Озтюрк, М.Ш.** Сборник упражнений по английскому языку для студентов (направление подготовки гостиничное дело). – 2017. – 149 с.

7. **Озтюрк, М.Ш.** Ролевая игра в обучении английскому языку будущих специалистов сферы туризма [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Известия Вузов Кыргызстана. – 2017. – №8 (Science Index). – С. 172-174.

8. **Озтюрк, М.Ш.** Формирование социальных компетенций средствами иностранного языка при подготовке специалистов индустрии туризма и сервиса [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева.. – 2018. – Вып. 2. – С. 337-341.

9. **Озтюрк, М.Ш.** Роль дисциплины «Иностранный язык» в формировании социальных и коммуникативных компетенций студентов сферы туризма и сервиса [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №5 (Science Index). – С. 179-182.

10. **Озтюрк, М.Ш.** Экскурсия как форма внеаудиторной работы по социальной компетенции будущих специалистов сферы туризма / [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Universum: Психология и образование. – М., 2020. – № 3(69). – С. 8-11.

11. **Озтюрк, М.Ш.** Роль аутентичных материалов в формировании коммуникативной компетенции студентов, будущих специалистов индустрии туризма на занятиях английского языка [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Научный аспект. – Самара, 2020. – №2. – С. 1340-1347.

12. **Озтюрк, М.Ш.** Система упражнений для формирования коммуникативной компетенции будущих специалистов сферы туризма на занятиях английского языка [Текст] / М.Ш. Озтюрк // Научный аспект. – Самара, 2020. – №4. – С. 1211-1221.

Өзтүрк Мадина Шамильевнанын «Туризм жана тейлөө чөйрөсүнүн студенттеринин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын англис тили боюнча сабактарда түзүү» темадагы диссертациялык изилдөөсү. Педагогика илимдеринин 13.00.01 адистиги боюнча илимий даражасы. Жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын резюмеси.

Ачкыч сөздөр: компетенция, компетенттүү мамиле, чет тилдүү коммуникативдик компетенция, социалдык компетенция, туризм жана тейлөө чөйрөсү, педагогикалык шарттар, педагогикалык шарттарды ишке ашыруу, туризм жана тейлөө чөйрөсүнүн студенттерине англис тилин үйрөтүү процесси.

Изилдөөнүн объектиси: Туризм жана тейлөө чөйрөсүнүн студенттерине англис тилин үйрөтүү процесси

Изилдөөнүн предмети: Англис тилин үйрөнүү процессинде социалдык жана коммуникативдик компетенцияларын түзүү.

Изилдөөнүн максаты: Теориялык-методологиялык негиздеме, туризм жана тейлөө чөйрөсүндөгү адистердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүү боюнча педагогикалык шарттарын аныктоо жана англис тилин окутуу процессинде студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды түзүүнүн ыкмасын эксперименттик текшерүү.

Изилдөөнүн ыкмалары: Жергиликтүү жана чет өлкөлүк авторлордун англис тилин үйрөнүүдө туризм чөйрөсүндөгү студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүү проблемасы боюнча психологиялык-педагогикалык илимий жана методикалык адабияттарды изилдөө; анкеттөө, тестирлөө, педагогикалык эксперимент, натыйжалардын статистикасын иштеп чыгуу ыкмасы.

Жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы: “Коммуникативдик компетенция”, “Социалдык компетенция” деген түшүнүктөр жана алардын компоненттик курамы аныкталды; Туризм чөйрөсүндөгү адистерге англис тилин окутуу процессинде коммуникативдик жана социалдык компетенцияларды калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталды; Англис тили сабактарында студенттердин коммуникативдик жана социалдык компетенцияларын түзүүнүн педагогикалык шарттарын ишке ашыруу иштелип чыкты жана анын натыйжалуулугу эксперименттик жол менен далилденди.

Колдонуу даражасы: Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Кесиптик жогорку мектебинде жана Кыргыз Республикасынын Туризм академиясында колдонулган. Ошондой эле туристтик кесиптеги жогорку окуу жайларда жана колледждерде пайдалануу үчүн сунуш кылынат.

РЕЗЮМЕ

диссертационного исследования Озтюрк Мадины Шамильевны на тему «Формирование коммуникативных и социальных компетенций студентов сферы туризма и сервиса на занятиях по английскому языку» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01. – общая педагогика, история педагогики и образования

Ключевые слова: компетенция, компетентностный подход, коммуникативная компетенция, иноязычная коммуникативная компетенция, социальная компетенция, сфера туризма и сервиса, педагогические условия, реализация педагогических условий, процесс обучения английскому языку студентов сферы туризма и сервиса.

Объект исследования: процесс обучения английскому языку студентов сферы туризма и сервиса.

Предмет исследования: формирование социальной и коммуникативной компетенций в процессе изучения английского языка.

Цель исследования: теоретико-методологическое обоснование, определение педагогических условий формирования коммуникативных и социальных компетенций будущих специалистов сферы туризма и сервиса и экспериментальная проверка методики формирования коммуникативных и социальных компетенций студентов в процессе обучения английскому языку.

Методы исследования: изучение психолого-педагогической научной и методической литературы по проблеме формирования коммуникативных и социальных компетенций студентов сферы туризма на занятиях английского языка отечественных и зарубежных авторов; анкетирование; тестирование; педагогический эксперимент; метод статистической обработки полученных результатов.

Полученные результаты и их новизна: определены понятия «коммуникативная компетенция» и «социальная компетенция» и их компонентый состав; определены педагогические условия формирования коммуникативной и социальной компетенций в процессе обучения английскому языку будущих специалистов сферы туризма; разработана реализация педагогических условий формирования коммуникативной и социальной компетенций студентов на занятиях английского языка и экспериментальным путем доказана ее эффективность.

Степень использования: результаты исследования были использованы в Профессиональной высшей школе Кыргызско-Турецкого Университета «Манас» и в Академии Туризма КР, а также могут быть предложены для использования в вузы и колледжи туристского профиля.

RESUME

dissertational research of Ozturk Madina Shamilyevna on the subject "Formation of communicative and social competences of tourism students in English lessons" presented for the degree of the candidate in pedagogy on the specialty 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education.

Keywords: competence, competency-based approach, communicative competence, foreign language communicative competence, social competence, tourism and service industry, pedagogical conditions, realization of pedagogical conditions, the process of teaching English of tourism students.

Object of study: The process of English language teaching of tourism students.

Subject of research: Formation of communicative and social competences of tourism students in the process of English language teaching.

The purpose of the study: theoretical and methodological justification, determination of pedagogical conditions for the formation of communicative and social competencies of the future tourism and service specialists and experimental verification of the realization of the pedagogical conditions for the formation of communicative and social competencies of students in the process of teaching of English.

Research methods: the study of psychological and pedagogical scientific and methodological sources on the problem of the formation of communicative and social competencies of tourism students; questioning; testing; pedagogical experiment; method of statistical processing of the results.

The scientific novelty: the concepts of "communicative competence" and "social competence" and their component composition are defined; pedagogical conditions for the formation of communicative and social competencies in the process of teaching English to the future tourism professionals have been determined; realization of pedagogical conditions for the formation of communicative and social competencies of students in English classes were developed and their effectiveness has been experimentally proved.

Degree of use: the results of the study were used in Vocational School of the Kyrgyz-Turkish Manas University and in Academy of tourism of KR, and can also be offered for use in vocational schools and universities, preparing tourism professionals.

Басууга 28.12.2020-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16.Офсет кагазы
Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 20 экз.

КББАнын «Окуу китеби» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик бул. 25